УДК 894.341
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-155-157

**ЖАМГЫРЧИЕВА Г.Т.**
Ош мамлекеттик университети
**ЖАМГЫРЧИЕВА Г.Т.**
Ошский государственный университет
**JAMGYRCHIEVA G.T.**
Osh State University

ORCID: 0009-0001-9817-2008

# РАМИС РЫСКУЛОВДУН ПОЭЗИЯСЫНДАГЫ ГЕДОНИЗМДИН БЕРИЛИШИ

## ГЕДОНИЗМ В ПОЭЗИИ РАМИСА РЫСКУЛОВА

## HEDONISM IN THE POETRY OF RAMIS RYSKULOV

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада белгилүү кыргыз акыны Рамис Рыскуловдун поэзиясындагы гедонизм түшүнүгү каралып, анын сибаризм түшүнүгү менен айырмачылыктары жана окшоштуктары көрсөтүлүп, айрым ырларынын мисалдарында талдоого алынат. Поэзиянын адамды жашоого умтултуучу касиетке ээ экендиги акындын чыгармаларынан ачык көрүнүп турат. Шаттуу палитра – Р. Рыскуловдун поэзиясындагы гедонизмдин башкы белгиси.

**Аннотация:** В статье рассматривается понятие гедонизма в поэзии известного кыргызского поэта Рамиса Рыскулова, показаны его различия и сходства с понятием сибаризм, а также анализируются некоторые примеры по теме его стихотворений. Из произведений поэта видно, что поэзия обладает способностью побуждать человека к жизни. Счастливая палитра – главный признак гедонизма в поэзии Р. Рыскулова.

**Abstract:** The article examines the concept of hedonism in the poetry of the famous Kyrgyz poet Ramis Ryskulov, shows its differences and similarities with the concept of sybarism, and also analyzes some examples on the topic of his poems. From the poet's works it is clear that poetry has the ability to motivate a person to life. A happy palette is the main sign of hedonism in the poetry of R. Ryskulov.

**Негизги сөздөр:** акын Рамис Рыскулов; гедонизм; сибаризм; поэзия; этика; философия; жашоо ырахаты; рухий ырахаттануу; гармония.

**Ключевые слова:** поэт Рамис Рыскулов; гедонизм; сибаризм; поэзия; этика; философия; радость жизни; духовное наслаждение; гармония.

**Keywords:** poet Ramis Ryskulov; hedonism; sybarism; poetry; ethics; philosophy; joy of life; spiritual pleasure; harmony.

**Киришүү**

Кыргыз поэзиясында өзгөчө орду бар, көрүнүктүү акындардын бири Рамис Рыскулов өзүнүн поэзиясында терең философиялык мазмунду, эмоционалдык интеллектти, социалдык көрүнүштөргө жекече, кайталангыс ой-пикирин чыгармалары аркылуу билдиргендиги менен башка акындардан айырмаланып тургандыгы белгилүү.

Акындын чыгармачылыгында түрдүү темалар орун алган, аны ичинде Р. Рыскулов өзүнүн гедонисттик философиянын негизги принциптерин жетекчилике алган өзгөчө стилдеги поэзиясын жараткан.

Гедонизм – байыркы грек тилинен алынып, ырахаттануу деген маанини билдирген аксиологиялык окуу. Анда жашоонун маңызы өмүрдөн канааттануу – ырахаттуу жашоонун өзүндө делип, жалпы адамзаттык баалуулуктардын ичинде терминалдык, башкача айтканда негизги баалуулук катары эсептелет. Ал эми калган баaалуулуктар инструменталдык деңгээлде каралат. Тактап айтканда, ырахаттанууга жетүүнүн каражаттары катары келет. Гедонизмдин негиз салуучулары Аристипп, Сократ болуп, алар б. з. ч. IV-III кылымдарга таандык окууларын жараткан, бул окуу дене жана рух эркиндигине негизделген. Гедонизмди эки топко бөлүп кароо философия илиминдеги негизги проблемалардын бири

болуп саналат. Бул тууралуу мындай деп белгилейт: “Философиянын тарыхында ньюанстар жөнүндө маселе келип чыгат, анткени гедонизм бардык философиялык жана этикалык окуулар сыяктуу түрдүү вариацияларга ээ, алар биздин көз карашыбыз боюнча эки чоң бөлүккө бөлүүгө мүмкүндүк берет: 1) “вульгардык гедонизм”, сезимдик ырахаттарга басым жасалган, 2) “жогорку гедонизм”, мында алардын, сезимдердин тазалыгына басым жасалат. Көп учурда гедонизмдин эки түрү тең чырмалашып, айырмачылыгын ажырата албаган учурлар кездешет”. [2, 29-31-б.]

Рамис Рыскуловдур ырларына талдоо жүргүзүүдө гедонизм менен сибаризм түшүнүгүн чаташтырбоо зарыл. Алардын айырмачылыгы төмөнкүчө.

Гедонисттер социалдык-моралдык нормаларды жана эрежелерди бузбайт, кайра колдойт. Ошону менен биргеликте гедонизм универсалдуу философиялык концепция. Ал эми сибариттер материалдык байлык жана сезимдик канааттанууга эгоизм аркылуу жеткендер болуп саналат. Сибаризм – б.з.ч. VI-V кылымда калыптанган. Ал Байыркы Грециядагы сибариттердин жашоо образын чагылдырган философиялык-социалдык багыт болуп саналат. Анын негизги өзөгүн материалдык ырахаттануу түзүп, белгилүү бир тарыхый доордун турмушун чагылдырып бере алган. [2] Сибаризм жана гедонизм ырахатка умтулуу процесси аркылуу окшош болгону менен философиялык жана тарыхый мүнөздөмөлөрү боюнча айырмаланып турары анык. Акын, жазуучулар үчүн бул түшүнүк терең жана ар тараптуу мааниге болушу мүмкүн. Гедонизм акындын ички дүйнөсүндөгү кайкалаган абалдарды, кайсы бир мүнөздөгү жашоо ырахаттарын сүрөттөгөн көз караш катары көрүнө алат.

**Изилдөөнүн материалдары жана методдору**

Акын Рамис Рыскуловдун адамдык табиятында канааттануу, рахатка умтулуу жактарын озунун жашоо образы, ой жүгүртүү манерасы, инсандык гумандуу жаратылышы менен поэзия аркылуу берген. Баарыбызга белгилүү болгондой, Ыр аке сүрөтчү жана обончу да болуп, искусствонун поэзия, сүрөт, музыка түрлөрүн өз ара айкалышта жараткан инсан. Гедонизм автордун абстракттуу сүрөт жана обондорунда да ачык чагылдырылат. Акындын табияты анын ырларына шайкеш болуп, ырынын аягына аты жазылбаса да ага таандык экендиги айкын болуп турат. Бул тууралуу замандашы А. Жакшылыков: "Анын ал турсун бир да ыр сабын жазгырып келип өз корооңо кошо албайсың. "Мен Рамистин ырымын" деп "маараганы маараган" ...Дегинкиси чыгармасынан инсандык ички көрөңгөсү байкалып турса – бул нак таланттын жышааны", – деп жазганы бар. [3, 106-б.] Сөз чеберинин кайсы гана ырын окубагын анда көтөрүңкү маанай, жашоого болгон сүйүү, позитивдүү көз карашы, шаттуулук өзгөчө эпкин менен берилип турат.

Акын ырларында жашоонун ар бир учурун уникалдуу жана баалуу нерсе катары чагылдырып, жашоонун ырахатын, көрктүүлүгүн философиялык негизде ачып берет. Аны менен биргеликте инсандын жеке эркиндиги, өзүн-өзү кабыл алуусу жана руханий дүйнөсүнүн баалуулуктарына басым жасалгандыгы көзгө урунат.

Адегенде эле белгилеп кетчү нерсе, акындын ырларынын аталыштарынан жана аларда колдонулган сөздөрдөн эле гедонисттик белгилер көрүнөт. Мисалы: “Күн майрам”, “Жаз”, “Шаттуу ырлар”, “Күлкү чачам”, ж. б. Жогоруда саналган жыйнактарында чынында да шаңдуу, кубанычтуу, ырахаттуу түшүнүктөрдү билдирген сөздөр жана сөз айкаштары колдонулат: жыргал, кызыл кут, жадырап, шаңк-шаңк этип, шатырап, кандай сонун ушул чак ж.б.

Рамис Рыскуловдун поэзиясындагы дээрлик бардык тематикада жазылган ырларынан гедонизмди кездештире алабыз. Алсак, акын үчүн табигат – адамдын ички дүйнөсүнүн, руханий ырахатынын гармониялуу айкалышкан көрүнүшү, ошондой эле адамдын жан дүйнөсүндөгү азап, сүйүү сыяктуу сезимдерге карата терең эмоционалдык чыңалуулар да арбын. Инсандын сүйүүсүн, толкундануулары менен жыргалчылыгын сүрөттөп, кайгы менен ырахаттын кошулушун, синтезин көрсөтүп берет. Бул эмоциялык мамилелер акындын гедонизмге болгон түшүнүгүн ачыктап, ырахат алуу менен кайгыны, өмүрдүн кыскалыгы менен анын жагымсыз жактарынын ортосундагы контрастты чагылдырат.

**Жыйынтыктар жана талкуулар**

Адам баласынын жашоо маңызы бизди курчап турган ар бир нерседе, “Булочка жеп келатам” ырында “космостук мейкиндикте карасам мен жок нерсе, ал эми чимейилдин көзү менен караганда мен гигантмын”, – дейт. [4, 209-б] "Маани берем" ырында болсо:

Маани берем бопбоз болгон тим кездерге,

Менин сыйкырыман заттар дагы ого бетер жаркырайт.

Мен жаңыча

Берем көз караш дүйнөгө!", –

деп акын өзү жогорудагы ырларында белгилгендей назик дүйнө аркылуу ар ар бир майда нерсеге маани берип, ага башкача көз караш менен карайт. [5, 44-б.] Жашоо кызык, анын кызыгы түгөнгүс. Сулуу аялзаты, жарашыктуулук, кооздук жашоону көркκө бөлөп турары Рамис Рыскуловдун поэзиясындагы гедонисттик кредо десек болот жана ал жогорку интеллектуалдык маданияттын этикалык көрүнүшү катары чыгат.

Орто кылымда жашаган кадимки Асан кайгы сыяктуу Рамис Рыскулов да гуманист акын катары ташты да аяйт, ташты кышта үшүдү дейт. Маселен, "Поэзия" жыйнагында: "Ташты дагы жыргаткан жадыраган жаз экен", – деп белгилейт.

Албетте, жашоо жалаң жыргалдан турбайт, аны менен катар акын жашоонун кыйынчылыктарын сабак катары кабыл алат, алар үчүн чөгүп, наарazыланбайт. Тескерисинче, аларга каршы туруп, келечекке чоң үмүт менен карайт. "Көчөнүн кызык сырлары" ырында:

Кайгыдан шаттык жаратып,

Турмуштун кечем жыргалын", – дейт. [5, 53-б.]

Ал эми "Менин таржымалым" ырында:

Бейиш сындуу көрөм турмуш азабын,

Көздөйм беттеп кандай бийик мазарың!", – деп жазат. [5, 58-б]

Бул ыр саптарындагы антитеза аркылуу автор азапты да рахат катары кабыл аларын көрүүгө болот.

Акын ошентип жыргаганда айтат:

"Бүт дүйнөнүн акындары

Келгенсийт мага конокко.

Дүркүрөймүн, күркүрөйм

Күркүрөйм да шатырайм,

Асмандарды шатылайм". [5]

Ал эми жогорду белгиленген "Поэзия" деген жыйнагындагы ошондой аталыштагы ырында:

"Токтогул, Барпы, Коргоолдун,

Ырдашынан жаралгам.

Кылымдардын Пушкиндей,

Курдашынан жаралгам.

Апам менен атамдын,

Жыргашынан жаралгам", – дейт [4]

Сүйүүдөн жаралган акындын жүрөгү да сүйүүгө толо. "Жаштык маршы" деген ырында дал ушундай эмоциялуу дүйнө кабылдоо бар:

"Көкүрөктү керип коюп,

Ай-ааламды кабыл алам

Денем менен.

Билбейм кайда батырам кубатымды,

өткүр дүйнө албууттанат.

Кандай сонун жашоо жарык дүйнөдө

Бүт араанын ачып коюп.

Бул саптарда акындын чыныгы акындык пейили, ачык жүрөгү, назик көңүлү, жашоого чексиз жана күчтүү умтулуу, дүйнөнү кучагы толо кабылдоо жатат. Ошентип гедонизм Рамис акындын ар бир саптарынын баш багып, окурманды өзүнө тартып, жашоого, болгондо да бактылуу өмүр кечирүүгө шыктантып турат.

**Корутунду**

Рамис Рыскуловдун поэзиясындагы өзгөчө эпкин жана эргүү, шаттуулук гедонисттик идеяны таасын берип турат. Дегеле анын жашоо образы жана ырларынан турмушту сүйүүгө умтулуу, кыйынчылыктарды жеңе билүү, көрүнбөс кыпындай нерседен да жакшылык көрө билүүгө чакырууну көрө алабыз. Өзү айткандай "жоктон барды жараткан" акын өмүрдү өңчөй кара түскө боёбостон, аны түрдүү палитрага салат. Жыл мезгилдеринин ичинен акындын жазга жакын экени байкалат. Жазды сүйгөн акындын ырлары да жаз жыттанып, жашыл энергияга, жаңы өнүмгө ээ. Жарыкчылыкта жакшылыктын жышанасы бар деп эсептеп, кичине көлөмдөгү ырында да жалбырттаган жашоону сүйүү, ага канааттануу идеялары берилип турат.

**Колдонулган адабияттар**

1. Азыркы кыргыз адабияты. – Бишкек, 2015, 174-б.
2. Владимирович В.Ю. “Системний гедонизм” как этическое учение. – Москва, 2019, с. 38.
3. Жакшылыков А. Рамис жөнүндө сөз //Ала-Тоо, 1989, 106-б.
4. Рыскулов Р. Ырлар. – Фрунзе: Кыргызстан,1984, 209-б.
5. Рыскулов Р. Ыр нөшөрү. – Фрунзе: Мектеп, 1988.

**Рецензент: филол.и.д-р, профессор Абакиров К.**